3-тиркеме

**«Электрондук колтамга» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык бекитилген талаптарга электрондук колтамга каражаттарын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарын бекитүү жөнүндө ЖОБО**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо "Электрондук колтамга" Кыргыз Республикасынын мыйзамына (мындан ары – мыйзам) ылайык бекитилген электрондук колтамга каражаттарын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарын бекитүү тартибин аныктайт.

2. Электрондук колтамга каражаттарын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарын бекитүү жөнүндө ушул Жобо мыйзамга ылайык жана "Электрондук колтамганы пайдаланууга байланышкан айрым маселелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы № 742 токтомунун 2-пунктун аткаруу максатында иштелип чыкты.

3. Ушул Жободо жогорудагы мыйзамдагы негизги түшүнүктөр колдонулат:

- электрондук колтамга (мындан ары – ЭКТ) – электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) ага логикалык жактан байланышкан жана электрондук документтин өзгөрүлбөстүгүн камсыздоо жана электрондук документтин ээсин аныктоо үчүн колдонулат;
- күбөлөндүрүүчү борбор (мындан ары – КБ) – колтамга текшерүү ачкычынын сертификаттарын түзүү жана берүү боюнча ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жак же жеке ишкер;
- ЭКТ каражаттары - төмөнкүдөй функциялардын эч болбогондо бирин: электрондук колгамганы түзүүнү, электрондук колтамганы текшерүүнү, колтамганын ачкычтарын жана колтамганы текшерүү ачкычтарын түзүүнү ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар;
- КБнын каражаттары – колтамга текшерүү ачкычынын сертификатын түзүү, сактоо жана берүү функцияларын ишке ашыруу, ошондой эле колтамга текшерүү ачкычынын сертификаттарынын реестрин жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу программалык жана (же) аппараттык каражаттар.

## 2-глава. ЭКТ каражаттарын жана КБ каражаттарын бекитүү тартиби

4. Аккредитациялоодон өтүүдө жана түпкү күбөлөндүрүүчү борбордун реестрине катталууда күбөлөндүрүүчү борбордун ээлери (юридикалык жактар же жеке ишкерлер) электрондук колтамга каражаттарынын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарынын Мыйзамга ылайык бекитилген талаптарга шайкештигин тастыктоону алуу үчүн Кыргыз Республикасынын

Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине (мындан ары – СӨИТМ) төмөнкү документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн жөнөтөт:

- күбөлөндүрүүчү борбордун регламенти;
- күбөлөндүрүүчү борборду жайгаштыруу планы;
- күбөлөндүрүүчү борбордун маалымат коопсуздук саясаты;
- күбөлөндүрүүчү борбордун маалымат коопсуздук саясатына ылайык иштелип чыккан нускамалар;
- Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдарга берилүүчү электрондук колтамга каражаттарынын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарынын шайкештик учурдагы сертификаты;
- элетрондук колтамга каражаттарын жана күбөлөндүрүүчү борбордун кажараттарын эксплуатациялоодогу компетенттүүлүктү тастыктоочу КБ адистеринин учурдагы сертификаты;
- тийиштүү электрондук колтамга каражаттарын жана КБ каражаттарын эксплуатациялоо боюнча нускама.

5. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин тизмесин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети (мындан ары – УКМК) менен макулдашуу жол-жобосун жүргүзөт.

6. УКМК ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди келип түшкөн күндөн эки жуманын ичинде карап чыгып, министрликке кароонун жыйынтыгы боюнча тийиштүү корутунду жөнөтөт.

7. Макулдашуунун жыйынтыгы боюнча министрлик КБ ээсине мыйзамга ылайык бекитилген талаптарга электрондук колтамга каражаттарынын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарынын шайкештиги же туура келбегендиги тууралуу расмий документ жөнөтөт.